КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

БОЗ-УЧУК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БОЗ-УЧУКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Боз-Учук айылдык Кенешинин 28 чакырылышынын кезектеги 28 - сессиясы

# Т О К Т О М

**2023-жыл 24-ноябрь** **№ 34** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Боз-Учук айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин көбөйтүү жөнүндө**

Боз-Учук айыл өкмөтүнүн эсеп счетуна Республикалык бюджеттен айыл чарба багытындагы жер салыгы үчүн төлөнө турган кенемте салык (выпадения) 575,0 миң сом акча каражаты түштү. Ошол келип түшкөн акча каражатынан Жаннат-плюс бала бакчасынын от жагуучу мешин орнотууга керек болгон материалдарды, идиш алып берүүгө жана М.Жусупов орто мектебине Табло, гүл отургузуучу идиштерди алууга жалпы суммасы -75,0 миң сом, Ново-Вознесеновка айылынын кире беришине стелла орнотуу үчүн өздүк салым катары айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 500,0 миң сом акча каражаты кошумча өздүк салым катары керек болууда. Боз-Учук айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковдун жогорудагы билдирүүсүн угуп жана талкуулап Боз-Учук айылдык кенеши **токтом кылат:**

2. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине Республикалык бюджеттен айыл чарба багытындагы жер салыгы үчүн төлөнө турган салыктын ордун толтурганга берилген кенемте салыкты (выпадения) 575,0 миң сом акча каражатын көбөйтүп берүү жагы Ак-Суу райондук финансы башкармалыгынан суралсын жана төмөндөгүлөргө жумшалсын:

- Ново-Вознесеновка айылынын кире беришине стелла орнотуу үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен өздүк салым катары төлөп берүүгө;
- Аппарат бөлүмүнүн 3111 статьясынын 2290 элементине – 500,0 миң сом көбөйтүлүп берилсин.
- Аппарат бөлүмүнүн 2222 статьясынын 1100 элементине – 75,0 миң сом көбөйтүлүп берилсин.

2.Айыл өкмөтүнүн бюджетин көбөйтүүгө байланышкан иш-аракеттерди жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковго милдеттендирилсин.

3. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы айылдык кенешинин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасына жана аткарууга алуу айыл өкмөт башчысы А.Орозбаковго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Термечиков**